**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ**

**КЫРГЫЗ БИЛИМ БЕРҮҮ АКАДЕМИЯСЫ**

# «Технология» Кыргыз Республикасынын жалпы билим берүүчү мекемелеринин 5-9-класстары үчүн предметтик стандарты

**Бишкек – 2023.**

**Кыргыз Республикасынын жалпы билим берүүчү мекемелеринин 5-9-класстары үчүн «Технология» предметинин стандарты**

**Иштеп чыгуучулар:**

**Д.А. Акматов** – КББАнын Технология, искусство жана ден соолук маданияты лабораториясынын ага илимий кызматкери.

**А.М. Оторбекова** – Ж. Баласагын атындагы КУУнун Педагогика факультетинин «Көркөм өнөр» жана «Технология» сабактары боюнча ага окутуучусу.

**Н.Т. Табалдиева** – профессор А.Молдокулов атындагы улуттук инновациялык технологиялар мектеп-лицейинин "Технология" жана "Көркөм өнөр"предметтери боюнча мугалими.

**Эксперттер:**

**Абдыбеков К. -** Токмок шаарындагы академик Х.А. Рахматулин атындагы Кыргыз мамлекеттик техникалык университетинин филиалында "Көркөм өнөр" жана «Технология» предметтери боюнча ага окутуучусу.

**Исабаева Н.Р.** – Бишкек шаарындагы профессор А.Молдокулов атындагы улуттук инновациялык технологиялар мектеп-лицейинин «Технология» предметинин мугалими.

## МАЗМУНУ

**1-БӨЛҮМ. ЖАЛПЫ ЖОБОЛОР**....4
1.1. Документтин статусу жана түзүмү....4
1.2. Негизги ченемдик документтердин системасы....4
1.3. Негизги түшүнүктөр жана терминдер....5

**2-БӨЛҮМ. ПРЕДМЕТТИН КОНЦЕПЦИЯСЫ**....9
2.1. Окутуунун максаттары жана милдеттери ....11
2.2. Предметтин түзүлүш методологиясы....11
2.3. Предметтик компетенциялар....12
2.4. Негизги жана предметтик компетенциялардын ортосундагы байланыш....13
2.5. Мазмундук линиялар. Окуу материалын мазмундук линиялар жана класстар боюнча бөлүштүрүү ....13
2.6. Тематикалык өтмө мазмундук линиялар аркылуу предметтер аралык байланыштар....18

**3-БӨЛҮМ. БИЛИМ БЕРҮҮНҮН НАТЫЙЖАЛАРЫ ЖАНА БААЛОО**
3.1. Окуучулардын окуудан күтүлүүчү натыйжалары (бөлүмдөр жана класстар боюнча)....19
3.2. Окуучулардын окуудагы жетишкендиктерин баалоонун негизги стратегиялары, методдору жана критерийлери....23

**4-БӨЛҮМ. БИЛИМ БЕРҮҮ ПРОЦЕССИН УЮШТУРУУГА КОЮЛУУЧУ ТАЛАПТАР**
4.1. Предметти окутуунун методикасына коюлуучу негизги талаптар….....28
4.2. Ресурстук камсыздоого коюлуучу минималдуу талаптар....28
4.3. Шыктардыруучу жана коопсуз окуу чөйрөсүн түзүү ....29

**АДАБИЯТТАР**....30

# 1-БӨЛҮМ. ЖАЛПЫ ЖОБОЛОР

## 1.1. Документтин статусу жана түзүмү

Кыргыз Республикасындагы жалпы билим берүү уюмдарындагы орто мектеп үчүн "Технология" предмети боюнча Стандарты Кыргыз Республикасынын "Билим берүү жөнүндө" Мыйзамынын (2003), Кыргыз Республикасынын мектептик жалпы билим берүүсүнүн мамлекеттик билим берүү стандартынын негизинде иштелип чыккан. (Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 22-июлундагы 2022-ж № 393 токтому). Предметтик стандарт "Технология" билим берүү тармагынын максаттарына ылайык окуу предметинин каражаттары менен окуучуларды окутуунун, тарбиялоонун жана өнүктүрүүнүн жалпы стратегиясын аныктайт. Предметти өздөштүрүүнүн базалык талаптарын камтыйт жана КР БИМ тарабынан бекитилет. Предметтик стандарт Кыргызстандын билим берүү системасында окуу процессин камсыздоонун мазмунун жана жаңы педагогикалык шарттарын жөнгө салуучу окуу программаларын жана окуу китептерин иштеп чыгуучулар үчүн багыт болуп кызмат кылат. Конкреттүү программаларда жана окуу китептеринде ушул стандартта белгиленген окутуу ыкмалары, принциптери чагылдырылат. Структуралаштыруу, окуу материалын окутуунун ырааттуулугу, курстун айрым бөлүмдөрүн изилдөөгө бөлүнгөн окуу сааттарын болжолдуу бөлүштүрүүсү берилген.

5-9-класстар үчүн Технология предмети боюнча предметтик стандарт Кыргыз Республикасынын жалпы билим берүү уюмдарындагы окуучулардын билим алуу натыйжаларын, аларга жетишүү ыкмаларын жана предметтин алкагында өлчөөлөрдү регламенттөөчү документ.

Кыргыз Республикасынын мектептеринде 5-9-класстар үчүн Технология предмети боюнча мектептик жалпы билим берүүнүн предметтик стандарты төмөнкүлөрдү белгилейт:

- 5-9-класстар үчүн предметти окутуунун максаттары жана милдеттери;
- предметтик компетенттүүлүктөрдүн тизмеси;
- предмет боюнча билим берүүнүн натыйжалары;
- натыйжаларды баалоонун негизги принциптери жана ыкмалары;
- окутуу боюнча уюштуруучулук жана методикалык талаптар.

## 1.2. Негизги ченемдик документтердин системасы

Бул стандарт төмөнкү ченемдик документтерге негизделген:

1. Кыргыз Республикасынын мектептик жалпы билим берүүнүн мамлекеттик билим берүү стандарты (Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 22-июлундагы № 393 токтому);
2. «Ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү адамдардын укуктары жана кепилдиктери жөнүндө» Кыргыз Республикасынын 2008-жылдын 3-апрелиндеги №38 Мыйзамы (КР 2009-жылдын 30-декабрындагы №319, 2016-жылдын 29-апрелиндеги № 52, 2017-жылдын 8-июнундагы № 100 Мыйзамдарынын редакцияларына ылайык);
3. Кыргыз Республикасынын 2008-жылдын 4-августундагы №184 "Эркектер менен аялдардын бирдей укуктарынын жана бирдей мүмкүнчүлүктөрүнүн мамлекеттик

кепилдиктери жөнүндө" Мыйзамы (КР 2011-жылдын 14-июлундагы № 97 Мыйзамынын редакциясына ылайык);

4. 2021-2026-жылдары Кыргыз Республикасында Кыргыз жараны деп жарандардын өзүн таануусун өнүктүрүүнүн концепциясы;
5. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2019-жылдын 17-июнундагы №295 "Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2019-жылдын 17-июнундагы "Жалпы билим берүү уюмдарындагы билим берүү чөйрөсүнүн коопсуздугун жогорулатуу боюнча айрым чечимдерине өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу" токтому (Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2020-жылдын 17-январындагы №12.5 2021-жылдын №72 токтомунун редакциясына ылайык);
6. 2018-2040-жылдарга Кыргыз Республикасын өнүктүрүүнүн Улуттук стратегиясы;
7. Кыргыз Республикасында 2021-2040-жылдарга билим берүүнү өнүктүрүү стратегиясы (Кыргыз Республикасынын Президентинин 2018-жылдын 31-октябрындагы №221 Жарлыгы менен бекитилген);
8. 2021-жылдын 29-январындагы Кыргыз Республикасынын Президентинин Жарлыгы менен бекитилген Инсандын руханий-адептик өнүгүүсү жана дене тарбия концепциясы;
9. Кыргыз Республикасындагы көп маданияттуу жана көп тилдүү билим берүү концепциясы, 2008-жыл;
10. 2019-2023-жылдарга Кыргыз Республикасында инклюзивдик билим берүүнү өнүктүрүү концепциясы. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2019-жылдын 19-июлундагы № 360 токтому.

### 1.3. Негизги түшүнүктөр жана терминдер

**Предметтик стандартта төмөнкү негизги терминдер жана аныктамалар колдонулат:**

- **анализ** (грек тилинен «ажыратуу») – адамдын таанып-билүү же объект-когнитивдик ишмердүүлүгүнүн жүрүшүндө аткарылуучу объектти (нерсе, касиет, нерселердин ортосундагы мамилелер) анын курамдык бөлүктөрүнө бөлүүгө багытталган аракет;
- **базалык окуу планы** – милдеттүү түрдө окулуучу предметтердин тизмесин, аларды окуунун ырааттуулугун, окуу жүктөмүнүн көлөмүн жана формаларын белгилеген документ болуп саналат;
- **баа** – бул окуучуларды баалоонун натыйжаларынын сандык жана сапаттык чагылдырылышы;
- **баалоо критерийи** – бул белги, анын негизинде бир нерсе бааланат, аныкталат же классификацияланат, талкуу предметинин так иштелип чыккан мүнөздөмөлөрү;
- **байланыш** – сүйлөшүүлөрдү жүргүзүү жана байланыш түзүү, маектешти угуу жана өз көз карашын жеткире билүү;
- **билим берүү** – бул окуучулардын билимге, билгичтикке, көндүмдөрдү жана компетенцияларга ээ болуу, билимди күндөлүк жашоо турмушунда колдонуу тажрыйбасын алуу жана окуучулардын өмүр бою билим алууга мотивациясын калыптандыруу боюнча иш-аракеттерин уюштуруунун максаттуу процесси;
- **билим берүү чөйрөсү** - окуучуларга окутуу жана тарбиялоочу таасирин тийгизген атайын уюштурулган шарттардын, процесстердин жана социалдык өз ара аракеттенүүлөрүнүн жыйындысы;
- **билим берүүнүн сапаты** - билим берүүнүн натыйжасынын ар кандай билим берүү субъекттеринин (окуучулардын, педагогдордун, ата-энелердин, иш берүүчүлөрдүн, бүтүндөй

коомдун) күтүүлөрүнө же алар койгон билим берүү максаттарына жана милдеттерине ылайык келүү даражасы;

- **билим берүү натыйжасы** – негизги жана предметтик компетенцияларды өздөштүрүү деңгээлинде туюнтулган окуу процессинин белгилүү бир этабында окуучуларга билим берүүдөгү жетишкендиктеринин жыйындысы;
- **билим берүүдөгү инклюзия** – айрым окуучулардын ар кандай муктаждыктарын канааттандыруу үчүн мектептеги маданиятты, саясатты жана практиканы өзгөртүү зарылдыгын таануу, ошондой эле бул мүмкүнчүлүккө жолтоо болгон тоскоолдуктарды жоюуга болгон милдеттенмелер. Инклюзивдик мамиле социалдык жана физикалык чөйрөнү өзгөртүүнү камтуу менен ал баарына жеткиликтүү болушу керек;
- **белги** – окуучулардын окуу жетишкендиктерин баалоонун символу, сандык туюнтмасы;
- **гендердик теңчилик** – аялдардын жана эркектердин бирдей укуктук статусу жана аны ишке ашыруу үчүн бирдей мүмкүнчүлүктөр, адамдардын жынысына карабастан турмуштун, саясий, экономикалык, эмгектик, социалдык, коомдук жана маданий чөйрөлөрүнө катышуу үчүн өздөрүнүн жөндөмдүүлүктөрүн эркин пайдаланууга мүмкүндүк берет;
- **диагностикалык баалоо** – окуучулардын билим жана көндүмдөрүн актуалдуу деңгээлин баалоо. Окуучулар буга чейин билген нерселерин жана жаңы темага байланыштуу кандай маселелер аларды кызыктырат деген түшүнүктү түзүү үчүн жаңы теманы изилдөөнүн башында жүргүзүлөт;
- **декоративдүүлүк** – көркөм өнөрүнүн эмоционалдык-экспрессивдүү жана көркөм-уюштуруучулук ролун күчөтүүчү көркөм касиеттердин жыйындысы;
- **долбоор** – бул өз алдынча жана топтук иш-аракеттерди камтыган, практикалык же теориялык жактан маанилүү маселени чечүүнүн натыйжасында алынган натыйжага багытталган мектеп окуучуларынын когнитивдик, аффективдик (эмоционалдык-баалуулук) жана жүрүм-турумдук ишмердүүлүгүн уюштурууну камсыз кылган педагогикалык технология;
- **дизайн долбоору** – окуучулардын класстын, мектептин, мектептин короосунун ичиндеги чөйрөсүнө өзгөртүү киргизүү максатында баштапкы план боюнча (бир шилтем, техникалык сүрөт, чийме, эскиз) чыгармачылык иштерди аткарууга багытталган окуучулардын тобунун биргелешкен иш-аракети;
- **Жашыл экономика** – бул адамдын ресурстарга жоопкерчиликтүү мамилесин болжолдогон экономикалык өнүгүүнүн модели;
- **"жашыл" көндүмдөр** – бул жашоо үчүн маанилүү болгон жаратылыш ресурстарына аяр мамиле жасоо менен үнөмдүү пайдалануу боюнча билим, жөндөм, баалуулуктарды өнүктүрүү жана колдоо үчүн зарыл болгон көз караштар;
- **инклюзия** – ар бир окуучуну билим берүү процессине жана жамааттын/бүтүндөй коомдун жашоо чөйрөсүнө киргизүү, атайын билим берүү муктаждыктары бар окуучуларды билим берүү жана социалдык-маданий жашоодон четтетүүнү болтурбоо;
- **инклюзивдик билим берүү** – билим берүүдө окуучулардын муктаждыктарын жана жеке мүмкүнчүлүктөрүнүн ар түрдүүлүгүн эске алуу менен бардыгына бирдей билим алуунун жеткиликтүүлүгүн камсыз кылуу;
- **интеграция** – дүйнөнү бүтүндөй кабыл алууну калыптандырууга жана негизги компетенцияларды өнүктүрүүгө багытталган айрым предметтердин, билим берүү

чөйрөлөрүнүн, жалпы билим берүү процессинин алкагында мазмундун структуралык компоненттеринин ортосундагы байланыштарды түзүү жана өз ара аракеттенүүнү камсыз кылуу процесси;

- **компетенттүүлүк** – адамдын билимдин ар кандай элементтерин, көндүмдөрүн жана белгилүү бир кырдаалда иштөө ыкмаларын-окуу, инсандык, кесиптик жактан өз алдынча колдонууга интеграцияланган жөндөмдүүлүгү;
- **компетенттүүлүк 4к** – окуучуга ар кандай чөйрөдө ийгиликтүү иштөөгө жардам берген төрт негизги көндүмдөрдүн тутуму (чыгармачылык, сынчыл ой жүгүртүү, кызматташуу жана коммуникация);
- **композиция** (латын тилинен Compositio – жыйноо) – мазмунуна жана мүнөзүнө жараша көркөм чыгарманы куруу. Композиция – чыгармага биримдик жана бүтүндүк берүүчү көркөм форманын эң маанилүү элементи;
- **кызматташуу** – бул эки же андан көп адамдардын кандайдыр бир чөйрөдө биргелешкен иш процесси. Командадагы ар кандай иштерди аткарып чыгууга мүмкүн болгон кызматташуу көндүмдөрүн билдирет;
- **критерий** – анын негизинде бир нерсени баалоо, аныктоо же классификациялоо жүргүзүлүүчү белги. Талкуунун предметинин так иштелип чыккан мүнөздөмөлөрү;
- **көрсөткүч (**индикатор) – бир нерсенин абалын чагылдыруучу же көрсөтүүчү өлчөм, “өлчөөчү аспап”. Окутуунун натыйжаларынын (көрсөткүчтөрү) - окуучунун жүрүм-турумунда байкалган, күтүлгөн натыйжаларга жетишүүнү далилдеген спецификалык белгилер. Көрсөткүч окуу максаты менен байланышкан, бул факты, максатка жетүүнүн далили жана натыйжа;
- **коопсуз билим берүү чөйрөсү** – бул окуучуларга зыяндуу же коркунучтуу факторлордун таасирин жокко чыгарылган, же алардын таасиринин деңгээли белгиленген стандарттардан ашпаган окутуу шарттарын камсыз кылган чөйрө;
- **критикалык ой жүгүртүү** – маалымат агымдарында навигациялоо, себеп-натыйжа байланыштарын көрүү, керексиздерди жок кылуу жана тыянак чыгаруу;
- **кооперация (кызматташуу)** – башка адамдар менен натыйжалуу өз ара аракеттенүү жана ар кандай командаларда натыйжалуу иштөө;
- **мектептин жалпы билим берүүсүнүн мамлекеттик стандарты** – мектептин жалпы билим берүүсүнүн бардык деңгээлдериндеги бардык билим берүү тармактарында белгиленген максаттарды ишке ашырууну камсыз кылуучу, окуу-тарбия процессин жөнгө салуучу, республикалык жана жергиликтүү деңгээлде билим берүү системасын өнүктүрүүнү камсыз кылуучу ченемдик укуктук документ;
- **мотивация** – адамдын жүрүм-турумун аныктоочу факторлордун тутуму, адамдын жүрүм-турумунун багытын жана активдүүлүгүн түшүндүргөн муктаждыктардын жыйындысы;
- **мазмундук линиялар** – бул билим берүү стандартында изилденип жаткан предметтин маңызын түзгөн негизги түшүнүктөр. Мазмундук линиялар - бул окуучулардын изилденип жаткан предмет жөнүндө түшүнүк ала турган предметтин аналитикалык тандалып алынган бөлүктөрү;
- **мамлекеттик компонент** – бул Мамлекеттик стандарттын талаптарын ишке ашыруучу жана менчиктин бардык түрүнө карабастан жалпы билим берүү уюмдарында окуу үчүн милдеттүү болгон базистик окуу планынын структуралык элементи;

• **метод** – таанып-билүүдө жана практикада белгилүү бир натыйжаларга жетүүнүн жолу;

• **модель** – бул буюмдун конструкциясы ишке ашырылган буюмдун үлгүсү;

• **натыйжалар (билим берүү)** – негизги жана предметтик компетенттүүлүккө ээ болуу деңгээлинде туюнтулган билим берүү процессинин белгилүү этабындагы окуучулардын билим алуудагы жетишкендиктеринин жыйындысы;

• **негизги компетенттүүлүктөр** – социалдык, мамлекеттик, кесиптик тапшырыктарга ылайык аныкталуучу, окуу предметтеринин базасында ишке ашырылуучу жана окуучулардын социалдык тажрыйбасына негизделген, көп функциялуулукка жана жогору баалуулукка ээ болгон билим берүүнүн өлчөнүүчү натыйжалары;

• **окуу процесси** – бул мугалимдердин түздөн-түз катышуусу жана окуучулардын өз алдынча окуусу менен ар кандай типтеги сабактар түрүндөгү окутуунун жана тарбиялоонун уюштурулган процесси;

• **окутуунун натыйжалары** – билим берүү процессинин белгилүү бир этабында окуучулардын өздөштүрүү деңгээлинде чагылдырылган билим берүүдөгү жетишкендиктеринин жыйындысы;

• **окутуу ыкмалары** («методикалык» тар маанисинде) – окутуунун тарбиялык, өнүктүрүүчү максаттарына жетүүгө багытталган мугалим менен окуучулардын (мугалимдин жетектөөчү ролу менен) өз ара аракеттенүүсүнүн белгилүү ыкмалары (кеңири мааниде "метод-түшүнүк") окутуунун ыкмаларынын жана каражаттарынын жыйындысы;

• **предметтик компетенттүүлүк** - негизги компетенттүүлүккө карата жекече компетенттүүлүк, билим берүү натыйжаларынын жыйындысы түрүндө айрым предметтердин материалында аныкталат;

• **психологиялык жана маалыматтык коопсуздук** зомбулуктун ар кандай түрлөрүнүн көрүнүшүн минималдаштырууну, рассасына, этностугуна, социалдык тегине, дин тутуусуна, жынысына, ден соолук мүмкүнчүлүгүнө жана башка социалдык айырмачылыктарына карабастан инсандын өнүгүүсүнө өбөлгө болуучу толеранттуу, зомбулуксуз жана достук чөйрөнү уюштурууну, ошондой эле зыяндуу маалыматтык таасирлерден коргоону камтыйт;

• **психологиялык жана маалыматтык коопсуздук** зомбулуктун ар кандай түрүнүн көрүнүштөрүн минималдаштырууну, рассасына, социалдык тегине, динине, жынысына жана туулган жерине карабастан инсандын өнүгүшүнө көмөктөшүүчү толеранттуу, достук чөйрөнү уюштурууну, ошондой эле зыяндуу маалыматтардан коргоону камтыйт;

• **суммативдик (жыйынтыктоочу) баалоо** – белгилүү бир мезгилге карата теманы, бөлүмдү изилдөөнү аяктоодо билимдердин, билгичтиктердин, көндүмдөрдүн, компетенттүүлүктөрдүн калыптануу деңгээлин аныктоо, алынган натыйжалардын стандарттык талаптарга шайкештигин баалоо;

• **спецификация** – бириктирилген бирдик, комплекс же комплекттин курамын аныктоочу документ;

• **схема** – буюмдун негизги бөлүктөрү жана алардын ортосундагы байланышынын шарттуу сүрөт жана белгилер аркылуу көрсөткөн документ;

• **тарбия** – инсандын, үй-бүлөнүн кызыкчылыгында коомдо кабыл алынган жүрүм-турум эрежелеринин жана нормаларынын социалдык-маданий, руханий жана адеп-ахлактык баалуулуктарынын негизинде окуучунун инсандык өнүгүүсүнө, өзүн өзү аныктоосуна жана социалдашуусуна шарттарды түзүүгө багытталган иш-аракет, коом жана мамлекет;

• **технология** – өндүрүштүн белгилүү бир чөйрөсүндө материалдарды кайра иштетүү процесстеринин жыйындысы;

• **техникалык сүрөт** – көз болжол менен колго тартылган предметтин көлөмдүү сүрөтү;

• **технологиялык карта** – буюмдун даярдалышынын ырааттуулугу сүрөттөлгөн документ. Ишти аткаруунун ырааттуулугунун графикалык сүрөттөмөсү, колдонулган шаймандар жана аспаптар көрсөтүлөт;

• **чийме** – чийме куралдардын жардамы менен белгилүү бир эрежелер боюнча чийилген буюмдун шарттуу сүрөттөмөсү;

• **чыгармачылык** – кырдаалды ар тараптан баалоо, адаттан тышкаркы чечимдерди кабыл алуу жана өзгөрүлүп жаткан жагдайларда өзүн ишенимдүү сезүү;

• **эскиз** – кол менен (чийүүчү аспаптарды колдонбостон) болжолдуу тетиктин элементтеринин пропорциясын сактоо менен аткарылган чийме.

## 2-БӨЛҮМ. ПРЕДМЕТТИН КОНЦЕПЦИЯСЫ

Орто мектепте "Технология" предмети технологиялык билим берүүнүн негизин түзүп, окуучуларга илим менен техниканын заманбап жетишкендиктерине негизделген эмгектин зарыл болгон тармактармактарында чыгармачылык ишмердүүлүктүн алгачкы тажрыйбаларына ээ болуп, алган билимдердин натыйжалуу колдонууга багытталат.

Технологиялык билим берүү жалпы билим берүүнүн зарыл компоненти болуп саналып, негизги билимдерин практика жүзүндө колдонууга, адамдын эмгекке болгон мамилесин, маданиятын конкреттүү көндүмдөрүн алгылыктуу калыптандырууга үйрөтөт.

"Технология" предметтик чөйрөсүн өздөштүрүүнүн алкагында заманбап технологиялык жабдуулар менен иштөөнүн базалык көндүмдөрүнө ээ болуу, заманбап технологияларды өздөштүрүү, кесиптер дүйнөсү менен таанышуу, өз алдынча ар кандай социалдык чөйрөлөрдөгү ишмердүүлүккө багыт алуу менен окуучулардын жалпы билим берүүдөн орто кесиптик окуу жайларга, жогорку окуу жайларга жана эмгек ишмердүүлүгүнө өтүүгө багыт берет.

"Технология" предметтик чөйрөсүн өздөштүрүүнүн артыкчылыктуу натыйжалары болуп төмөнкүлөр саналат:

- эмгекке жоопкерчиликтүү мамиле жана кызматташуу көндүмдөрү;
- салттуу кол өнөрчүлүктүн өнүгүү тарыхы, “Манас” эпосундагы жана азыркы колдонмо жасалга өнөрү менен таанышуу, заманбап келечектүү технологиялардын негизги элементтерин натыйжалуу өздөштүрүү;
- долбоордук иштердеги мамилени өздөштүрүү;
- аймактык эмгек рыногу жана кесиптик тажрыйбалары менен таанышуу;
- курулуш жана долбоорлоо тажрыйбасын өздөштүрүү;
- окутуу иш-аракеттеринин жүрүшүндө МКТны (маалыматтык коммуникациялык технологиялар) колдонуу көндүмдөрү;

- күнүмдүк жашоо турмушта, анын ичинде технологиялык маселелерди чечүү үчүн ресурс катары кол эмгек шаймандардын, аспаптардын негизги түрлөрүн (анын ичинде электрди) туура колдонуунун көндүмдөрү.

"Технология" предметиндеги эмгектин тармактарынын мазмуну табигый илимдердин негизги тармактарындагы Физика; Химия; Биология окуу предметтеринен алган теориялык билимдерин практикада коомдук пайдалуу эмгекте, мектептен тышкаркы иш, кошумча билим берүү, ошондой эле технологиялык ийримдеринде долбоордук иштер аркылуу бекемделет.

Технология предмети интеграцияланган мүнөзгө ээ. Интеграциянын маңызы материалдык дүйнөнүн ар кандай кубулуштары менен таанышууда жатат. Алар жалпы мүнөздүү мыйзам ченемдүүлүктөр менен бириктирилген жана адамдын иш-аракетин ишке ашыруу ыкмаларында, чийки затты, энергияны, маалыматты трансформациялоо технологияларында көрсөтүлөт. 5-9-класстарда окутуу, тарбиялоо мезгилинде алынган жөндөмдөргө негизделет жана ар бир окуучунун муктаждыктарына, мүмкүнчүлүктөрүнө жараша даярдоо процесси пландаштырылат.

Технологияны (эмгекти) окутуу жалпы окуу көндүмдөрүн калыптандырууга өбөлгө түзөт. Алардын катарында:

- курчап турган дүйнөнүн объектилеринин белгилерин жана касиеттерин бөлүп көрсөтүү, алардын функционалдык жана эстетикалык сапаттарын, конструкциялык өзгөчөлүктөрүн салыштыруунун негизинде ой-пикирин билдирүү;
- маалыматты издөө жана иштеп чыгуу (анын ичинде компьютерди колдонуу менен), практикалык маселелерди чечүү үчүн өлчөмдөрдү колдоно билүү;
- өз алдынча аткара турган ишин пландаштыруу, уюштуруу ж. б.

**Технологияны окутуунун негизги натыйжалары болуп:**

• баштапкы технологиялык билимдер, билгичтиктер, буюмдардын ар кандай материалдардан керектүү бөлүктөрүн даярдоо боюнча көндүмдөр (ишти өз алдынча пландаштыруу жана уюштуруу, технологиялык операциялардын ырааттуулугун сактоо, буюмдарды декоративдик жасалгалоо ж.б.);

• айыл чарба (өсүмдүк өстүрүү жана мал чарбачылыгы) практикалык милдеттерди чечүү үчүн (жөнөкөй маалыматтык объекттер менен иштөө, аларды издөө, кайра түзүү, сактоо) маалыматтарды издөө жана колдонуу боюнча баштапкы көндүмдөр саналат. Окуучулар окуу кызматташтыгынын көндүмдөрүнө ээ болушат жана алардын эмгекке болгон маданияты калыптанат.

**Концепцияны ишке ашыруунун негизги багыттары:**

- сүрөт, техникалык сүрөт, чийме, компьютердик чийме;
- өнөр жай дизайны;
- 3D-моделдөө;
- кошумча технологиялар;
- робототехника жана автоматтык башкаруу тутумдары;
- электротехника жана электр энергиясы технологиялары бөлүмү;

- курулуш бөлүмү;
- агро жана биотехнология;
- тамак-аш даярдоо;
- кол өнөрчүлүгү;
- акылдуу үй технологиясы;
- медиа, жарнама, маркетинг.

### 2.1. Окутуунун максаттары жана милдеттери

**"Технология" предметин окутуунун максаты** – окуучулардын эмгектин түрдүү тармактары боюнча алган билимдерин зарыл болгон күндөлүк жашоо турмушунда өз алдынча колдонуп жеке тажрыйбага ээ болуусу менен эмгекке болгон маданиятын калыптандыруу, чыгармачылык жөндөмдүүлүктөрүн өстүрүү жана кесипке багыт берүү.

**Милдеттери:**

• манжалардын сезүү моторикасын өнүктүрүү, мейкиндиктик элестетүү, техникалык жана логикалык ой жүгүртүү, ар кандай маалымат булактары менен иштөө көндүмдөрү ж.б.;

• салттуу кол өнөрчүлүктүн өнүгүү тарыхы, «Манас» эпосундагы көркөм кол өнөрчүлүктүн чыгармачылыгы менен таанышуу, заманбап алдыңкы технологиялардын негизги элементтерин өздөштүрүү;

• курчап турган дүйнөнү өзгөртүүдө адамдын эмгек ишмердүүлүгүнүн ролун ачып берген мазмунду өздөштүрүү, кесиптер дүйнөсү жөнүндө алгачкы маалыматтарды натыйжалуу колдонуу;

• баштапкы технологиялык билимдерге, эмгектик жана конструктордук-технологиялык көндүмдөргө ээ болуу, жеке маанилүү объекттерди жана коомдук маанилүү эмгек предметтерин түзүү боюнча практикалык иш тажрыйбасы, эмгек ишмердүүлүгүн пландаштыруу жана уюштуруу ыкмалары, окуу ишинде жана күнүмдүк жашоодо маалымат менен иштөө үчүн компьютердик техниканы колдонуу жөндөмүн өздөштүрүү;

• эмгекчилдикти тарбиялоо, адамдарга жана алардын ишинин натыйжаларын урматтоо менен мамиле кылуу, маалыматтык жана коммуникативдик иш-аракеттерге кызыгуу, өзүнүн жалпы ишмердүүлүктөгү натыйжаларына жана ишкердик кызматташтыкка кошкон салымын баалоо үчүн рефлексивдүү жөндөмүн калыптандыруу;

• байланыш компетенттүүлүгүн өнүктүрүү, ийгилик жана жетишкендиктер үчүн шарт түзүү, иш-аракеттердин планын түзүү жана практикалык иштерди аткаруудагы колдонуу жөндөмдүүлүгүн арттыруу.

### 2.2. Предметтин түзүлүш методологиясы

Заманбап дүйнөдө ар кандай процесстердин технологиясы жөнүндө билим, технологиялык операцияларды аткаруу маданияты барган сайын маанилүү болуп баратат. Келечекте “Технология” предметин башталгыч класстан баштап кенже курагында киргизүү учурдун талабы. "Технология" предметинин мүмкүнчүлүктөрү окуучулардын технологиялык багыттагы дүйнөнүн сүрөтүн түзүүдөн тышкары, көп нерсеге мүмкүнчүлүк берет. "Технология" предметинде окуу ишинин бардык элементтери балдар үчүн жетиштүү визуалдык жана түшүнүктүү: пландаштыруу, тапшырмага багыт алуу, өзгөртүү, натыйжаны

баалоо, практикалык кырдаалда пайда болгон милдеттерди таануу жөндөмү, долбоордук иштерди алып баруу менен күтүлүүчү натыйжага жетүүгө мүмкүнчүлүк түзүлөт.

"Технология" предметинин мазмуну окуучуга, технологиялык процесс жөнүндө кандайдыр бир эрежелерди, технологиялык документтерге коюлуучу талаптарды өндүрүүдө колдонулган жыйынды катары гана эмес, ошондой эле бул билимдерди окуу жана окуудан тышкаркы ишмердүүлүктүн ар кандай чөйрөлөрүндө (маалымат издөөдө, жаңы билимдерди өздөштүрүүдө, практикалык тапшырмаларды аткарууда) кандай колдонуу керектигин көрсөтөт.

## 2.3. Предметтик компетенциялар

**Негизги компетенттүүлүк** – бул универсалдуу болгон ишке ашыруу шарттарына туура келген аныктоочу компетенциялар. Алар үчөө:

- маалыматтык компетенттүүлүк;
- социалдык-коммуникациялык компетенттүүлүк;
- өзүн өзү таануу жана көйгөйлөрдү чечүү компетенттүүлүгү.

**Предметтик компетенттүүлүк:**

1. **Технологиялык -** бул материалдарды, энергияны, маалыматты кайра иштетүүнүн кеңири таралган ыкмалары жана каражаттары боюнча технологиялык билимдер жана көндүмдөр, буюмдарды моделдөө жана конструкциялоо принциптери, адамдын технологиялык ишинин айлана-чөйрөгө жана адамдын ден соолугуна тийгизген таасири.

2. **Эмгек маданияты** - бул кесиптердин дүйнөсү. Адам жасаган дүйнө (турмуш-тиричилик жана көркөм кол өнөрчүлүк) объектилеринин ар түрдүүлүгү. Адамдын дүйнөдөгү ролу жана орду. Адамдын чыгармачыл иш-аракеттеринде жаратылыштын ролу. Адам жасаган дүйнөнү түзүүнүн элементардык жалпы эрежелери (эстетикалык экспрессивдүүлүк — түс, форма, композиция) объектилердин жана айлана-чөйрөнүн гармониясы (түстөрдүн айкалышы жана композициянын негиздери). Адамдын жашоо-тиричилигиндеги чыгармачылык ишмердүүлүгү, айыл чарба эмгегинин ар түрдүүлүгү (өсүмдүк өстүрүү, мал чарбачылыгы ж.б.).

Табигый материалдарга, жаратылыш ресурстарынын булагы катары аяр мамиле кылуу.

**Өзүн өзү тейлөө:**

- жумуш ордун туура уюштуруу (материалдарды жана шаймандарды ирettүү жайгаштыруу) жана иш учурунда тартипти сактоо менен иш алып баруу;
- шаймандарды коопсуздук эрежелерин сактоо менен туура пайдалануу. Эмгек гигиенасын сактоо;
- жумушка (үлгү) жөнөкөй талдоо жүргүзүү, практикалык иштерди жүргүзүүнү пландаштыруу;
- аткарылган иштин сапатын өзүн өзү контролдоо натыйжанын (буюмдун) сунушталган үлгүгө ылайык келиши. Жамааттык иштерди аткаруу.

3. **Чыгармачыл: -** бул чыгармачыл креативдүү жөндөмдүн көрүнүшү менен биргелешкен жана жекече иш-аракеттери аркылуу окуучулардын чыгармачылык жөндөмүн өнүктүрүү.

Жалпы орто билим берүүдө "Технология" предмети эмгектик, долбоордук жана маалымат менен иштөө көндүмдөрүн, анын ичинде жаңы маалыматтык технологияларды пайдалануу менен өздөштүрүшөт.

"Технология" предмети боюнча теориялык жана практикалык окуу процессинде окуучуларда төмөнкүдөй предметтик компетенттүүлүктөр калыптанат:

- мугалимдин жардамы менен жана өз алдынча буюмдарды жасоого жөндөмү;
- жөнөкөй терминологияны билишет, татаал эмес, жөнөкөйлөтүлгөн чоңдуктарды өлчөй алышат, алардын өлчөө бирдиктерин эсептеп жана аныктай алышат;
- инструменттерди, буюмдарды, инвентарларды, материалдарды түшүнүшөт жана аларды максатка ылайык колдоно алышат;
- кырсыктарды болтурбоо үчүн мектепте коопсуздук эрежелерди сактоо, коопсуздук техникасы жана гигиена эрежелерин сактоодо бири-бирин көзөмөлдөө;
- техникалык системалардын айлана-чөйрөгө тийгизген таасирин аныктоо, ошондой эле талкуу учурунда өз пикирин негиздей алуу;
- мектепте алган билимдерин, жөндөмдөрүн жана көндүмдөрүн күндөлүк жашоо турмушунда туура жана коопсуз колдонуу.

## 2.4. Негизги жана предметтик компетенциялардын ортосундагы байланыш

Негизги компетенттүүлүктөр конкреттүү предметтердин мазмунунда калыптануучу, ишке ашырылуучу жана окуучунун социалдык тажрыйбасына негизделген билим берүүнүн натыйжасы болуп саналат.

Билим берүү процессинде окуучулар негизги компетенттүүлүккө төмөнкү шарттарда ээ болушат:

- окуу процесси окуучунун өз алдынчалыгын жана өз ишмердүүлүгүнүн уюштурулушу жана натыйжалары үчүн жоопкерчилигин өнүктүрүүгө багытталса;
- окуучулар жалпы билим берүү уюмдарында окутуу процессинде билим берүү ишинин ар кандай түрлөрүн жүзөгө ашырууга жана класстан тышкаркы иштерде татаал эмес долбоордук, социалдык иштерди жүргүзүү киргизилсе;
- окуучулардын максаттарды коюу жана аларга күтүлүүчү натыйжаларга ээ болушу үчүн кырдаалдар түзүлсө.

Компетенттүүлүктүн калыптануу деңгээлин аныктоо үчүн негиз болуп окуучунун өз алдынчалуулук даражасы жана маселени чечүүдө ишмердүүлүктүн пайдаланылган түрлөрүнүн татаалдыгы эсептелет.

Компетенттүүлүктөрдүн калыптануу деңгээлдерин аныктоонун негизи болуп окуучунун өз алдынчалык даражасы жана маселени чечүүдө колдонулуучу ишмердүүлүктүн түрлөрүнүн татаалдыгы болуп саналат.

Негизги компетенцияларды калыптандыруунун үч деңгээли бар:

1) **биринчи деңгээл (репродуктивдүү)** окуучулардын калыпка (аракетти аткаруунун берилген алгоритмин) карманууу жөндөмү менен мүнөздөлөт;

2) **экинчи деңгээл (продуктивдүү)** курамы боюнча жөнөкөй болгон иш-аракетти аткаруу, иш-аракеттин үйрөнүлгөн алгоритмин башка кырдаалда колдонуу жөндөмдүүлүгү менен мүнөздөлөт;

3) **үчүнчү деңгээл (креативдүү)** анын өз алдынча долбоорлоо жана негиздөө элементтери менен комплекстүү ишти жүзөгө ашырууну билдирет.

Компетенттүүлүктөрдүн болушу окуучуларга маанилүү турмуштук кырдаалдарды ийгиликтүү жеңүүгө мүмкүндүк берет. Алардын жардамы менен окуу процессинин каалаган натыйжалары түзүлөт.

## 2.5. Мазмундук линиялар. Окуу материалын мазмундук линиялар жана класстар боюнча бөлүштүрүү

Окутуунун максаттарын жана милдеттерин ишке ашыруу жана предметтик компетенттүүлүктү калыптандыруу белгилүү бир мазмунда жүргүзүлөт, алар предметтин системалуулугун, үзгүлтүксүздүгүн, илимий негизин чагылдырган мазмундуу линиялар аркылуу уюштурулат.

5-9-класстардын технологиясы предметинин мазмуну болуп төмөнкүлөр саналат:

1. Эмгек маданиятынын негиздери, өзүн өзү тейлөө (коопсуздук техникасы).
2. Техникалык эмгек жана дизайн (техникалык жана көркөм кол өнөрчүлүгү)
3. "Айыл чарба эмгеги" (өсүмдүк өстүрүү жана мал чарбачылыгы).

Илимий-маданий мазмунунун үлгүлөрүнө жана илим менен техниканын заманбап жетишкендиктерине негизделген трансформациялык көркөм-чыгармачылык жана техникалык-технологиялык иш-аракеттердин баштапкы тажрыйбасы маанилүү. Ошондой эле заманбап маалыматтык технологияларды колдонуу аркылуу предметтик чөйрөнү түзүүнүн жөнөкөй мыйзамдарын активдүү изилдөө аркылуу ар бир окуучунун практикалык чыгармачылык ишмердүүлүгүндө өз оюн билдирүү үчүн шарттарды түзүү. 5-6-класстарда негизги предметтик техникалык-технологиялык билимдерди жана көндүмдөрдү өздөштүрүүгө, ошондой эле инсандык (руханий-адеп-ахлактык) сапаттарды тарбиялоого көңүл бурулат.

7-8-9-класстарда предметтик билимдерди жана көндүмдөрдү өздөштүрүү жаңы кырдаалдарга белгилүү болгонду өткөрүп берүү аркылуу ишке ашырылат, инсандын коммуникативдик жана социалдык сапаттарын өнүктүрүү, ошондой эле чыгармачылык иштин негиздерин өнүктүрүүгө багытталат.

Окутуунун метапредметтик натыйжаларынын бөлүгү катары чыгармачылык жөндөмдүүлүктөрүн өнүктүрүү менен окуучуларды айыл чарба (өсүмдүк өстүрүү жана мал чарбачылыгы), конструктордук-технологиялык жана колдонмо жасалга өнөрүн өздөштүрүүгө, изилдөөгө жана өз алдынча иш алып барууга дем берет. Окуучулардын жеке тажрыйбасында, таанып билүү, изилдөө (анын ичинде долбоордук) ишин активдештирүүчү суроолордун жана тапшырмалардын системасына таянуу менен камсыз кылынат. Ушул негизде окуучулардын байкоо жүргүзүү, салыштыруу менен алардын натыйжаларын жана чеберлердин кесиптик ишмердүүлүгүнүн үлгүлөрүн талдоо, пайда болгон эстетикалык, конструктивдүү жана технологиялык көйгөйлөрдү чечүүнүн оптималдуу жолдорун изилдөө жөндөмдөрүн өнүктүрүү үчүн шарттар түзүлөт.

Кыргыз элинин жасалга-колдонмо искусствосу байыртадан калыптанып өнүгүп келгендигин Улуу Манас эпосунда айкын баяндалган, анда көркөм жасалга өнөрүнүн узакка пайдаланууга ылайыкташылган турмуш-тиричилик буюмдары (турак жайынын ички, тышкы жасалгасы, аялдардын кооздук, асем буюмдары, ат жабдыктары) гана эмес, күнүмдүк кийим-кече, үй тиричилигинде дайыма урунула турган буюмдары дагы көркөм чыгармачылыктын деңгээлинде көрсөтүлгөндүгү сабактардын натыйжалуулугун артырат.

Инсандын руханий-адеп-ахлактык сапаттарын өнүктүрүү, өз элинин маданиятын, улуттук асыл баалуулуктарын жана башка улуттардын мурастарын жана каада-салттарын урматтоо менен маданияттын көркөм үлгүлөрүнө ой жүгүртүү жана талкуулоо, ошондой эле сабактарда жана сабактан тышкары көркөм-колдонмо жасалга өнөрдү жеткиликтүү ишке ашыруу менен камсыз кылынат.

Мектептерде салттуу түрдө айыл чарба эмгегинин технологияларына кошумча өнөр жай өндүрүшүнүн тейлөө чөйрөсүнүн технологиялары изилденгендиктен, мектептердин окуучулары үчүн айыл чарбасындагы иштердин жыл мезгилдеринде аткарылуучу жумуштар эске алынат. Өсүмдүк өстүрүү жана мал чарба технологиялары боюнча бөлүмдөрдү, ошондой эле техникалык эмгектин же тейлөөчү эмгектин технологиялары боюнча базалык жана инварианттык бөлүмдөрдү камтыган комбинацияланган программалар түзүлөт. Мектептерде окуу планы комплекстүү ошол эле учурда ошол региондогу айыл чарба иштеринин мезгилдерин эске алуу менен түзүлөт.

Окуучулардын чыгармачыл иштери жана долбоорлору техникалык жана айыл чарба эмгегинин технологияларын айкалыштырган мүнөзгө ээ болушу керек. Мектептерди электрондук техникага тиешелүү технологиялар үчүн деталдар же конструкторлор менен камсыз кылуунун объективдүү кыйынчылыктарынан улам тиешелүү иштер колдо болгон каражаттар менен алмаштырылышы мүмкүн.

**1. "Эмгек маданиятынын, өзүн өзү тейлөөнүн негиздери"** (коопсуздук техникасы).

Адамдын жашоосундагы түрдүү тармактагы эмгек ишмердүүлүгүн билүүдө – адам эмгеги менен таанылат. Алгачкы адамдын айлана-чөйрөгө ыңгайлашуу тарыхы адамдын баш калкалоочу жайга (турак жайга), тамактанууга (аңчылык, олжону алгачкы кулинардык иштетүү), кийимге болгон муктаждыктарын ишке ашыруу менен эмгек маданияты калыптанган. Эмгекти бөлүштүрүүнүн объективдүү зарылдыгы, кол өнөрчүлүк жана кол өнөрчүлүктүн түрлөрү. Кол өнөрчүлүктүн азыркы абалы. Учурдагы заманбап кеңири тараган кол өнөрчүлүк боюнча кесиптери (саймачылык, зергерчилик, устачылык ж.б).

Мугалимдин жардамы менен жеткиликтүү жөнөкөй долбоорлорду ишке ашыруу (сунушталган дизайнды иштеп чыгуу, жеткиликтүү чечимдерди табуу, долбоорду аткаруу жана коргоо). Долбоордук чыгармачылык ишин өркүндөтүү.

Долбоордун ишинин натыйжасы – өз алдынча же жамаатык топ менен бирге чыгармачылык менен ар кандай дизайнда жасалган буюмдар, майрамдык жасалгалоо. Чакан топтордо иштөө. Жумушту ийгиликтүү толуктап бүтүрүү, жыйынтыктоо.

Иштин жүрүшүндө өзүн өзү башкаруу (чийме куралдарын колдонуу менен белгилөөнүн тактыгы).

Өзүн өзү тейлөө. Сабакка керектүү каражаттарды жана куралдарды өз алдынча тандоо, иш алып баруу.

**2. "Техникалык эмгек жана дизайн" (техникалык жана көркөм кол өнөрчүлүгү)**

Негизги мектепте жөнөкөй чиймеге, эскизге таянуу менен материалдарды иштетүү технологиясы (технологиялык операциялар, бөлүктөргө бөлүү, калыптандыруу, чогултуу, бүтүрүү), тетиктерди белгилөө боюнча башталгыч билимдер жана көндүмдөр өздөштүрүлөт. Сүрөт, техникалык сүрөт, чийме же эскиз, схема боюнча ар кандай дизайндагы буюмдарды

даярдоо. Алардын коздугу жана көркөм дизайнынын өзгөчөлүктөрү боюнча материалдарды тандоо. Шарттуу графикалык белгилерди окуу. Бычак жана кесүүчү шаймандар менен иштөөдө коопсуздук эркежелерин сактоо.

Технологиялык операциялар, алардын жалпыланган аталыштары: белгилөө, даярдоодо бөлүктөргө бөлүү, буюмдарды чогултуу, жасалгалоо ж.б.

Чийме жана эскиз боюнча жөнөкөй түшүнүктөргө ээ болуу. Чийүү сызыктары (туташ жоон негизги сызык, бир чекиттүү үзүк сызыгы, четке чыгарылган, өлчөм, борбордук ж.б.). Чиймени окуу. Жөнөкөй чиймени сызгыч, бурчтук, циркуль боюнча белгилөө. Чийүү куралдары менен бир нече бөлүктөрдү так рационалдуу белгилөө. Циркулдун жардамы менен айлананы жана тегеректи барабар бөлүктөргө бөлүү.

### 3. "Айыл чарба эмгеги" (өсүмдүк өстүрүү жана мал чарбачылыгы).

Айыл чарба эмгегинин технологиялары боюнча башталгыч мектепте окуучулар өнөр жай өндүрүшүнүн технологиялары, тейлөө чөйрөсүнүн технологиялары менен таанышышат. Региондордо айыл чарбасындагы иштердин мезгилдик шарттарын эске алуу менен айыл чарба эмгегин өнүктүрүү технологиясы жана өсүмдүк өстүрүү, мал чарбачылыгы боюнча материалдарды, чийки заттарды иштетүү боюнча иштер менен таанышышат.

Изилденип жаткан темалар боюнча санариптик даяр материалдар, электрондук ресурстар, маалымат каражаттары, мугалимдин демонстрациясы аркылуу ишке ашырылат.

**Класстар жана мазмун линиялар боюнча окуу материалдарын бөлүштүрүү.**

***1-таблица***

| № п/п | Мазмун линиялар | Окуу материалдарын бөлүштүрүү | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | | **5-кл.** | **6-кл.** | **7-кл.** | **8-кл.** | **9-кл.** |

| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| 1. | Эмгек маданиятынын негиздери, өзүн өзү тейлөө (коопсуздук техникасы) | 1. Кесиптер дүйнөсү, алардын социалдык мааниси, пайда болуу жана өнүгүү тарыхы жөнүндө жалпы түшүнүктөрдү алуу<br>2. Ар кандай материалдар менен иштөө жолдору менен таанышуу.<br>3.Жеке гигиенаны сактоо менен жумуш ордун, туура уюштуруунун эрежелерин туура аткаруу.<br>4. Эмгек маданиятын сактоо жана өзүн өзү тейлөөнүн эң жөнөкөй көндүмдөрүнө ээ болушат. | 1. Графикалык иштерди аткарууда чийме барактын форматын уюштуруу.<br>2. Ар кандай сызыктарды колдонуу менен графиктеги нерселердин эскиздерин туура этап менен аткаруу.<br>3. Керектүү шаймандарды туура колдонуу.<br>4. Үлгү боюнча сызыктарды туура аткаруу. | 1. Колдонмо көркөм буюмдарды даярдоодо технологиялык аткаруунун туура жолдору.<br>2. Чыгармачылык ишти аткаруу үчүн табигый материалды туура тандоо.<br>3. Майрамдык куттуктоо баракчаларынын эскиздери, конверттерди даярдоонун үлгүлөрү.<br>4. Күнүмдүк тиричиликке керектүү буюмдардын жөнөкөй долбоорлорун түзүүгө катышуу. | 1. Улуттук колориттеги көркөм кол өнөрчүлүк сувенирлерин даярдоо үчүн эскиздерин түзүү.<br>2. Табигый материалдардын негизинде чыгармачыл иштерди аткаруу.<br>3. Үйгө жана мектепке ар кандай буюмдарды жасоодо иштөө жөндөмдөрүнө ээ болуу.<br>4. Курак ыкмасында иштөөдө (кесүү, чаптоо, бүктөө), жөнөкөй көлөмдүү жана татаал конструкцияларын бириктирүү менен чыгармачылык жөндөмдүүлүккө ээ болуу. | 1. Эмгек маданиятынын келип чыгышы.<br><br>2. Көркөм кол өнөрчүлүк боюнча долбоордук иштер.<br><br>3. Көркөм кол өнөрчүлүк иштерин даярдоодо жамаат менен иш алып баруу.<br><br>4. Көргөзмөгө коюлуучу чыгармачыл иштерди даярдап жасалгалоо. |
| 2. | "Техникалык эмгек жана дизайн" (техникалык жана көркөм кол өнөрчүлүгү) | 1. Жөнөкөй объекттерди аткаруу технологиясы менен таанышуу.<br>2. Курак (апплекация) жана пластилин менен алгачкы көндүмдөрдү өнүктүрүү.<br>3. Долбоорлоо жана моделдөө иштери менен таанышуу.<br>4. Келечекте курула турган кыял чабыттарындагы курулуштар тууралуу чыгармачылык иштерди жүргүзүү. | 1. Курак менен тегиздикте иштөө жана көлөмдүү композиция түзүү.<br>2. Майрамдык куттуктоо баракчаларын аткаруунун эскиздери<br>3. Ар кандай материалдар менен ишти өз алдынча аткаруу. | 1. Коопсуздук эрежелерин сактоо менен чыгармачыл иштерди жасоо үчүн ар кандай эмгек шаймандарын туура колдоно билүү.<br><br>2. Материалдык маданияттын объектилерин түзүүдө эске алынышы керек болгон эң маанилүү дизайн эрежелери жөнүндө баштапкы билим жана идеялар. | 1. Көрсөтүлгөн технологияларды аткаруу боюнча ар кандай материалдардан чыгармачыл иштерди жүргүзүү.<br><br>2. Улуттук жана дүйнөлүк көркөм-прикладдык маданияттын мисалында сувенирлерди даярдоо.<br>3. Курулуш чиймелери тууралуу маалыматтар менен таанышуу. | 1. Декоративдик-прикладдык искусствонун ар кандай түрлөрүнүн пайда болуу тарыхы.<br>2. Долбоорлорду иштеп чыгуу.<br>3. Жамаат менен ар кандай материалдардан тематикалык панно түзүү.<br>4. Спутниктен алынган картанын жардамы менен жөнөкөй курулуш иштерин боюнча долбоорлорун түзүүгө катышуу. |

| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| 3 | «Айыл чарба эмгеги" (өсүмдүк өстүрүү жана мал чарбачылыгы) | 1. Өсүмдүк өстүрүүдөгү колдонулуучу эмгек шаймандары менен иш алып баруудагы коопсуздук эрежелерин сактоо.<br>2. Өсүмдүк өстүрүү жана мал чарбачылыгын жүргүзүү боюнча маалыматтар менен таанышуу. | 1. Айыл чарбасында колдонулуучу эмгек каражаттарын натыйжалуу колдонуу.<br>2. Айыл чарбасында эмгек ишмердигине аралашуу менен көндүмдөргө ээ болуу. | 1. Жыл мезгилдерин, жергиликтүү шартты эске алуу менен өстүрүлүүчү өсүмдүктөрдү, көчөттөрдү өстүрүү боюнча маалыматтарды топтоо.<br>2. Тигил же бул өсүмдүктөрдү өстүрүүнүн өзгөчөлүктөрү, ошондой эле фермердик чарбаларда жаныбарларды багуунун шарттары менен таанышуу. | 1. Жер кыртышынын асылдуулугун арттыруунун жолдору менен таанышат.<br>2. Жер иштетүү, себүү, отургузуу, өсүмдүктөрдү жана жаныбарларды багуу боюнча эң жөнөкөй көндүмдөргө ээ болуу. | 1. Үй шартында өстүрүлүүчү көчөттөрдү өстүрүү.<br>2. Үйдө жана мектепте өсүмдүктөрдү өстүрүү боюнча алган теориялык билимдерин практикада колдонуу.<br>3. Ландшафттык дизайн боюнча өзүнүн кыял чабыттарындагы долбоордук ишти аткаруу. |

## 2.6. Тематикалык өтмө мазмундук линиялар аркылуу предметтер аралык байланыштар

Предметтер аралык байланыштар – заманбап мектепте окутуунун маанилүү принциби, ал окуучулардын таанып-билүү ишин активдештирет. Тектеш предметтерден алган теориялык билимдерин практикада колдонуу менен эркин ой жүгүртүүгө түрткү берет.

Айрыкча, "Технология" предмети колдонмо мүнөзгө ээ жана интеграция (эмгек, чийүү, дизайн) функциясын аткарат. "Технология" предметин окутуунун мазмунунун интегративдик мүнөзү предметтер аралык байланыштарды пайдалануунун негизинде билим берүү процессин уюштурууну болжолдойт. "Технология" предметин башка предметтер менен интеграциялоонун мисалдары:

***математика менен интеграциялоо.*** Сандар менен иштөө; конструкциялоодо жана моделдөөдө эсептөөлөрдү, конструкцияларды жүргүзүү; геометриялык фигуралар менен иштөө; долбоордогу иш-аракеттердин элементардык алгоритмдерин түзүү;

***табигый предметтер менен интеграциялоо.*** Предметтер аралык байланыштын негизги булагы буюмдарды долбоорлоодо колдонулган материалдардын мүнөздөмөлөрүн жана касиеттерин изилдөөдө, макетте ж. б. иштей алат;

***көркөм чыгармачылык менен интеграциялоо.*** Маалыматтык объектти окуу чыгармачыл ишин уюштуруп иштеп чыгууда: долбоорлонгон буюмдун, макеттин эскизин тартуу; формаларды жана конструкцияларды айкалыштыруу максатында көркөм каражаттары колдонулат. Буюмдар декоративдик-прикладдык искусствонун эрежелеринин, сүрөт өнөрүнүн жана дизайндагы мыйзамдардын негизинде даярдалат. Окуучулар эмгек маданиятына үйрөнүү менен көп кырдуу чыгармачылык жөндөмдүүлүккө ээ болушат;

***информатика менен интеграциялоо.*** Калыптарды (шаблондорду) колдонуу менен презентация түрүндө комплекстүү маалымат объектисин түзүү жана иштетүү:

- презентацияны жана слайдды пландаштыруу;

- презентация элементтерин түзүү (текст, таблица, чийме, схема ж.б.); сүрөттөрдү киргизүү;
- анимацияны түзүү;
- презентацияны монитордо ж.б. көрсөтүү.

## 3-БӨЛҮМ. БИЛИМ БЕРҮҮНҮН НАТЫЙЖАЛАРЫ ЖАНА БААЛОО.

### 3.1. Окуучулардын окутуудан күтүлүүчү натыйжалары (бөлүмдөр жана класстар боюнча)

Билим берүүнүн сапатына баа берүү окуучунун билим алуудагы жетишкендиктеринин, билим берүү программаларынын, билим берүү процессинин касиеттеринин жана билим берүү уюмдарында мамлекеттик билим берүү стандарттарынын ресурстук камсыз кылынышын жана билимдин сапатынын ченемдик - укуктук актыларда белгиленген башка талаптарга шайкеш келишин аныктоо максатында жүргүзүлөт. Окуучулардын жеке билимдик жетишкендиктерин жана прогрессин өлчөөнүн үч түрү колдонулат. Алар: - алдын алуу (диагностикалык); - калыптандыруучу (формативдик) ; жыйынтыктоочу (сумамтивдик) баалоо.

Технология предмети боюнча билим берүүнүн натыйжалары жана класстар боюнча аларга жетишүүнүн индикаторлору

**Биринчи сан –** предметтик компетенттүүлүк:

1 – технологиялык;

2 - эмгек маданияты;

3 - чыгармачылык.

**Экинчи сан -** мазмундук линиялар:

1 - эмгек маданиятынын, өзүн өзү тейлөөнүн негиздери (коопсуздук техникасы);

2 - "Техникалык эмгек жана дизайн" (техникалык жана көркөм кол өнөрчүлүгү);

3 - "Айыл чарба эмгеги" (өсүмдүк өстүрүү жана мал чарбачылыгы).

**Үчүнчү сан -** билим берүүнүн жыйынтыгынын номери

Ар бир кийинки класстын индикаторлорунун тизмеси мурунку класстардын индикаторлорун камтыйт, горизонталдык жана вертикалдык прогрессти көрсөтөт.

***2-таблица.***

| № М. Л. | Компетенциялар | **5 - класс** | **6 - класс** | **7 - класс** | **8 - класс** | **9 - класс** |
|---|---|---|---|---|---|---|

| Материалдарды, энергияны, маалыматтагы кеңири колдонулган ыкмалары жана каражаттары боюнча технологиялык билимдер жана көндүмдөр, буюмдарды моделдөө жана конструкциялоо принциптери, адамдын технологиялык ишинин айлана-чөйрөгө жана адамдын ден соолугуна тийгизген таасири менен таанышат. | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| 1. Эмгек маданиятынын негиздери, өзүн өзү тейлөө (коопсуздук техникасы). | Технологиялык | 5.1.1. - иш ордун туура уюштуруу менен коопсуздук эрежелерин сактайт.<br>-кесиптердин түрлөрүн билет.<br>-жөнөкөй тиричилик кызматтарын көрсөтөт.<br>- мугалимдин жардамы менен ар кандай материалдар менен иштөө технологиясын өздөштүрөт. | 6.1.1. - жөнөкөй буюмдардын сүрөттөлүшүн аткаруудагы шарттуу белгилерди колдонот.<br>- эмгек маданиятын сактоо менен табигый материалдарды иштетүү боюнча ар кандай көндүмдөргө ээ болот.<br>- колдо бар каражаттардан жөнөкөй буюмдарды даярдоонун жолдорун ирети менен көрсөтөт. | 7.1.1. - чоподон (пластилинден) көлөмдүү фигураларды жасоонун технологиясын айтып берет.<br>- табигый материалдардан кыял чабыттарындагы ар кандай образдарды жаратат.<br>- ар бир окуучу социалдык абалына карабастан көргөзмөлөрдү уюштурат жана ага катыша алат. | 8.1.1.<br>- кол өнөрчүлүктөгү улуттук асыл баалуулуктар - дын келип чыгуу тарыхын билет.<br>- декоративдик-прикладдык искусство чеберлеринин чыгармалары боюнча өз таасирлерин айтып берет.<br>- жеткиликтүү өзүн өзү тейлөө иш-аракеттерин күндөлүк жашоо турмушунда аткара билет. | 9.1.1. - эмгек маданияты жана өзүн өзү тейлөө боюнча эмгек ишмердүүлүгү - нүн тажрыйбасына ээ болот.<br>-улуттук декоративдик-колдонмо искусствонун баалуулуктары жөнүндө билет.<br>- макет, моделдерди даярдоодо алардын бөлүктөрүнүн аталышын билет, (жеткиликтүү деңгээлде) колдоно алат жана талдайт. |

| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| 2. "Техникалык эмгек жана дизайн" (техникалык жана көркөм кол өнөрчүлүгү) | Технологиялык | 5.1.1.<br>- жөнөкөй ыкмалар боюнча курак (аппликация) менен чыгармачылыкта иштөө тартибин билет.<br>- декоративдик-прикладдык искусство предметтери тууралуу айтып берет жана өзүнүн шык жөндөмдүүлүк таасирлерин көрсөтөт.<br>- аткарууга жеңил болгон улуттук тамак-аштарды даярдоонун жолдорун билет (калама, каттама, куймак ж.б.). | 6.2.1.- буюмдарды даярдап жасоо үчүн шаймандар менен иштөөнүн баштапкы көндүмдөрүн өздөштүрөт.<br>- ар кандай дизайндагы буюмдарды жасоо үчүн техникалык сүрөтүн иштей алат.<br>- эскиздин негизинде өз алдынча жана топ менен жөнөкөй көркөм кол өнөрчүлүк буюмдарын жасай алат.<br>- сүттөн жасалуучу азыктардын технологияларын билет (айран, сүзмө, курут ж.б.). | 7.2.1.- курак (аппликация) менен иштөөдө өзүнүн чыгармачыл ой чабытын жасаган ишинде чагылдырып көрсөтө алат.<br>- чыгармачылык менен буюмдун бир нече дизайнын иштей алат.<br>- өзү тандаган дизайн боюнча колдо бар каражаттар менен сапаттуу буюм жасай алат.<br>- туура эмес тамактануунун кесепети ден соолукка зыян алып келээрин билишет.<br>- ден соолукка пайдалуу азыктарды туура тандап колдонуу боюнча теориялык алган билимдерин үй шартында колдонушат. | 8.2.1. - ар кандай предметтерди анын формасына түзүлүшүнө жана курулушу боюнча талдай алат.<br>- курулуш чиймелерин компьютердик графикада же чийме аспаптарынын жардамы менен аткарат.<br>- үй жана мектеп шартында колдонулуучу жөнөкөй кийимдердин үлгүлөрүн иштеп чыгат.<br>- үлгү боюнча кийимдерди бычып тигүүнүн жолдорун өздөштүрөт.<br>- жер-жемиштерден түрдүү көркөмдөлгөн композиция-ларды түзгөндү үйрөнүшөт. | 9.2.1.- колдо бар ар кандай материалдарды иштетүү технологиясы боюнча өз пикирин билдире алат.<br>- күндөлүк жашоо турмушуна керектелүүчү буюмдарды, даярдоо жана талдоо менен түрдүү варианттагы моделдерди түзүү аркылуу долбоордук иштерди пландаштырат.<br>- тамак-аштардан майрамдык маанайдагы дастаркону жасалгалоонун жолдорун өздөштүрүшөт. |

| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| 3. "Айыл чарба эмгеги" (өсүмдүк өстүрүү жана мал чарбачылыгы). | Технологиялык | **5.1.1. -** Айыл чарба эмгегин түрлөрү боюнча айырмалайт.<br>- окуучулар өздөрү жашаган чөйрөдөгү (айыл жеринде, бакчада, шаар шартында) өсүмдүктөрдүн пайдалуу жактарын иликтеп, айырмалап билишет. | **6.3.1. -** айыл чарбасы боюнча маалыматты табат жана түрлөрүнө карай атап айтып бере алат.<br>- бөлмөдө өстүрүлүүчү гүлдөрдүн, жашылча-жемиштерин өстүрүү боюнча маалыматтарды табуунун жолдорун билишет. | **7.3.1.** - жердин асылдуулугун арттыруу боюнча түрдүү маалыматтарды таап талкуулашат.<br>- аймактык өзгөчөлүктөрдү эске алып, кандай өсүмдүктөрдү өстүрүү натыйжалуу болорун аныкташат. | **8.3.1.-** материалдарды салыштырат жана классификация-лайт, тиешелүү технологиялык каражаттарды (өлчөө, кесүү, лекалдын чиймеси, бириктирүү ж.б.) колдонот, жөнөкөй буюмдарды жасайт.<br>- үй шартында өсүмдүктөрдү өстүрүп көбөйтүүнүн жолдорун аныкташат. | **9.3.1.**<br>- биргелешкен ишмердүүлүк көндүмдөрүн көрсөтөт, өзү же башка окуучулар жасаган буюмдарга болгон мамилесин билдирет.<br>- айлана-чөйрөнү жашылдан-дыруу, көрктөндүрүү боюнча ландшафттык дизайн боюнча маалыматтарды топтоп талкуулашат. |
| Тандайт жана өздөштүрүлгөн материалдардын оптималдуу жана жеткиликтүү технологиялык ыкмаларды, кол менен иштетүү (бөлүктөрүн белгилөө, даярдоо, буюмдун аягына чейин аларды бөлүп жатканда) касиеттерине жараша жүзөгө ашырат. | | | | | | |
| № М. Л. | **Компетенциялар** | **5 - класс** | **6 - класс** | **7 - класс** | **8 - класс** | **9 - класс** |
| Эмгек маданиятынын негиздери, өзүн өзү тейлөө (коопсуздук техникасы). | Эмгек маданияты | **5.1.2. -** коопсуздук техникасын сактап, шаблондун жардамы менен ар кандай колдо бар материалдар менен буюмдарды жасайт. | **6.1.2. -** жаратылыштагы объектилердин формаларын, түстөрүн табат жана байкайт.<br>- буюмдарды түстөрдүн айкалышына маани берет. | **7.1.2. -** Кыргызстандагы жана дүйнө жүзүндөгү декоративдик-прикладдык искусствонун түрлөрү жөнүндө айтып берет. | **8.1.2.** - чыгармачылык менен көлөмдүү композицияны түзүү технологиясы боюнча түшүндүрөт. | **9.1.2.** - көркөм кол өнөрчүлүктүн ар түрдүүлүгү эмне үчүн бүткүл дүйнөнүн байлыгы жана баалуулугу экендигин түшүндүрөт. |

| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| **3.** "Техникалык эмгек жана дизайн" (техникалык жана көркөм кол өнөрчүлүгү). | Эмгек маданияты | **5.2.2.** - эмгектин айрым түрлөрүн айырмалоону үйрөнөт. | **6.2.2.** - коопсуздук техникасын жана санитардык-гигиеналык эрежелерди түшүндүрөт, практикалык иштерди алып барууда коопсуздук эрежелерин туура сактайт; | **7.2.2.** - табигый материалдар менен чыгармачылык менен иштөөдө коопсуздук эрежелерин сактайт. | **8.2.2.** - кол өнөрчүлүк буюмдарын даярдоо боюнча көрсөтмөлөрдү түшүндүрөт; | **9.2.2.** - көркөм кол өнөрчүлүктүн кооздугун жана маанисин эстетикалык жактан баалайт. |
| **3.** "Айыл чарба эмгеги" (өсүмдүк өстүрүү жана мал чарбачылыгы). | Эмгек маданияты | **5.3.2. – эмгек** шаймандары менен иштөө маданиятын сактоого үйрөнүү**.** | **6.3.2** - ар кандай материалдар менен иштөө эрежелерин көрсөтөт. | **7.3.2** - алган билимин өз алдынча күнүмдүк турмушта колдоно алат. | **8.3.2. – керектүү** материалды туура тандап, айыл чарба иштери жөнүндө айтып берет. | **9.3.2.** - айыл чарба эмгеги жөнүндө алган билимдерин короо жайда аткарылуучу иштерди аткарууда колдоно алат. |
| № М. Л. | Компетенциялар | **5 - класс** | **6 - класс** | **7 - класс** | **8 - класс** | **9 - класс** |
| Жөнөкөй чиймеге же эскизге, үлгүгө жана берилген шарттарга ылайык буюмдардын жөнөкөй конструкцияларын аткарууну көрсөтөт. | | | | | | |

| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| 1. Эмгек маданиятынын негиздери, өзүн өзү тейлөө (коопсуздук техникасы).. | Чыгармачылык | **5.1.3.** - ар кандай материалдарды колдонуп кесип, чаптоо иштерин аткарат. - чыгармачыл иштин ар кандай түрлөрүн, берилген тема боюнча чыгармачылык ой-жүгүртүүсүндө таасирлерин чагылдырат. | **6.1.3.** - форманы жана көлөмдү берүүдө пластилин менен иштөөнү билет жана айтып берет; - чыгармачыл иштерди аткаруу үчүн ар кандай материалдарды колдонот (пластилин, чопо, ж.б. табигый материалдар). | **7.1.3.** - көлөмдүү композиция-ларды аткаруу үчүн эскиздерди аткарат; - аткарылган көлөмдүү буюмдарды кантип иреттүү тыкан жасалгалоо жолун айтып берет. | **8.1.3.** - чыгармачылык ишти аткарууда жаңы конструктивдүү көндүмдөрдү жаратат жана колдонот. - өзүнүн чыгармачылык иштери жана аны аткаруу технологиясы жөнүндө айтып берет. | **9.1.3.** - тандалган жомокко жараша жеке жана жамааттык топ менен көлөмдүү композициялык чыгармаларды жаратат. - көргөзмөлөрдө чыгармачылык иштерди көрсөтөт. |
| 2. "Техникалык эмгек жана дизайн" (техникалык жана көркөм кол өнөрчүлүк) | Чыгармачылык | **5.2.3.** - өз алдынча иш түрүн тандап, берилген тема боюнча аткарат. | **6.2.3. - курак (**аппликация) техникасында ишти кантип жасоону билет; - колдо болгон материалдан буюм жасоо боюнча иштерди этап-этабы менен аткарууну практикада өздөштүрөт. | **7.2.3.**- чыгармачылык көз карашы менен өз ишин жана классташтары-нын ишин талкуулайт жана талдайт. | **8.2.3.** - чыгармачылыкты талап кылган жөнөкөй тапшырмаларды аткарат, моделдерди жана долбоорлорду курат. | **9.2.3.** - аткарылган кагаз моделдеринин дизайнын түшүнөт жана талдайт; пландаштырылган чыгармачылык иштерди жасоо үчүн табигый материалды колдонот |
| **3.** Айыл чарба эмгеги " (өсүмдүк өстүрүү жана мал чарбачылыгы) | Чыгармачылык | **5.3.3.** - Айыл чарба эмгегинин адам жашоосундагы ролун түшүнөт | **6.3.3.** - "Адамдын жашоосундагы эмгек" темасында көлөмдүү чыгармачылык иштерди аткарат. | **7.3.3.** - классташтары менен өз аймагынын айыл чарбасы тууралуу маалымат чогултат жана бөлүшөт. | **8.3.3.** - жөнөкөй материалдарды иштетүү боюнча көндүмдөрдү үйрөнөт. | **9.3.3.** - айыл чарбачылыгына жана өсүмдүк өстүрүү үчүн керектүү инструменттерди жасоо боюнча долбоорду түзөт. |

## 3.2. Окуучулардын окуудагы жетишкендиктерин баалоонун негизги стратегиялары, методдору жана критерийлери

Орто мектепте Технология предмети боюнча баалоо билим берүүнүн натыйжаларына жетишүүдөгү прогрессти өлчөөдө да, окуучулардын өзүн өзү баалоосун, өзүн өзү жөнгө салуу көндүмдөрүн жана инсандык өнүгүүнү калыптандырууда да маанилүү ролду ойнойт. Мугалим жетишкендиктерди баалоонун негизги стратегияларын колдонот:

1) окуучунун баштапкы жана акыркы жыйынтыгынын, б. а. прогресстин жеке динамикасы бааланат;

2) алынган натыйжаны критерийлер менен байланыштыруу.

5-9-класстардын окуучуларынын жетишкендиктерин баалоо төмөнкү принциптердин негизинде жүргүзүлөт:

***критерийлүүлүк*** - мазмундук контроль жана баалоо окуучулар менен биргеликте иштелип чыккан критерийдин негизинде түзүлөт; критерийлер бир беткей жана өтө так, бардык окуучуларга алдын ала белгилүү болушу керек;

***өзүн өзү баалоонун артыкчылыгы*** - окуучунун өзүн өзү баалоосу мугалимдин баалоосунан жогору болушу керек;

башталгыч мектепте окуучуну өзүнүн жана башкалардын ишин белгилүү бир критерийлер боюнча баалоого үйрөтүү маанилүү;

***ийкемдүүлүк жана вариативдүүлүк*** - мазмундук контролдоо жана баалоо окутуунун натыйжалуулугун изилдөөнүн ар кандай жол-жоболорун жана методдорун колдонуу менен окуучуларга өз натыйжаларын ар кандай жолдор менен көрсөтүүгө ар кандай иш-аракеттерди жана мүмкүнчүлүк берүүнү камтыйт;

***баалоо методдорунун жана инструменттеринин өлчөнүүчү натыйжаларына*** ылайыктуулугу жана шайкештиги, окуучулар үйрөнгөн материалга байланыштуу тапшырмаларды аткаруу менен бааланат.

Материалдын мазмунун түшүнүү жана өздөштүрүү деңгээли жөнүндө маалыматтарды чогултуу үчүн баалоонун ар кандай түрлөрүн жана методдорун колдонуу мугалимге окуучуларга билим берүү муктаждыктарына жараша айырмалоого мүмкүндүк берет.

5-9-класстарда жыйынтыктарга жетишүүнүн ийгилигин баалоо, баалоонун сапаттык жана сүрөттөөчү ыкмаларын колдонуу менен жүргүзүлөт. Мугалим формативдик баалоого басым жасайт, баалоо окуу процессинин бир бөлүгү катары жана окууну окуучунун деңгээлине жана муктаждыктарына ылайыкташтыруу үчүн колдонулат. Окуучуларга белгилер коюлат, бирок окутуунун бүткүл мезгилинде тогузунчу класстын аягына чейин баалоо үчүн белгилер да, баалоонун сапаттык жана сыпаттоо ыкмалары да колдонулат (баалоо критерийлери боюнча жазуу жүзүндө жана оозеки кайтарым байланыш, баалоо рубрикаларын колдонуу менен натыйжага жетишүү деңгээлин сүрөттөө ж.б.).

Баалоонун натыйжалуулугу үчүн мугалим:

- окуу процессинде үзгүлтүксүз, позитивдүү жана конструктивдүү (жазуу жана оозеки) кайтарым байланышта болуу;

- окутуунун натыйжаларына жана инсандык өнүгүүгө жетишүү боюнча окуучулардын прогрессине байкоо жүргүзөт, ар бир окуу жылынын аягында окутуунун же инсандык өнүгүүнүн натыйжаларына жетишүү критерийлери боюнча сыпаттама баа берет;

- баалоонун ар кандай ыкмаларын жана формаларын, анын ичинде өзүн өзү баалоону, өз ара баалоону, сапаттуу баалоо инструменттерин (окуучунун портфолиосу, байкоо, өнүгүү карталары ж. б.) пайдаланат;

- ата-энелерге (мыйзамдуу өкүлдөргө) окуучунун прогресси жана көйгөйлөрдү биргелешип чечүү үчүн окуу процессиндеги кыйынчылыктар жөнүндө маалымдайт.

Технология предмети боюнча натыйжаларга жетишүү деңгээлин өлчөө үчүн мугалим ар кандай баалоо иштерин жана өлчөө материалдарын колдонот.

**Технология предмети боюнча натыйжаларды баалоо үчүн баалоо иштеринин түрлөрү**

***3-таблица***

| **№ п/п** | **Баалоо иштеринин сунуш кылынган түрлөрү** | Баалоонун болжолдуу деңгээлин бөлүштүрүү |
|---|---|---|
| 1. | ▪ Техникалык сүрөттүн жана чиймелердин аткарылышы;<br>▪ Практикалык иштер (окуучулардын ой жүгүртүүсүнүн негизинде башка предметтер менен байланышуу, иштерди жасоого багыт алуу);<br>▪ Чыгармачыл ишти коргоо. | 45% |
| 2. | ▪ Чыгармачыл иштер;<br>▪ Буюмду чыгармачылык менен даярдоо технологиясы боюнча презентация түзүү;<br>▪ Моделдөө, долбоорлоо, чаптап иштөө жана башкалар. | 25% |
| 3. | ▪ Чыгармачылык долбоор | 20% |
| 4. | ▪ Чыгармачыл иштерди жасалгалоого даярдык;<br>▪ Жумуш аткаруу технологиясын оозеки баяндоо, жактоо. | 10% |
| | Жалпы | 100% |

"Технология" предмети боюнча сабактарда окуучулардын жетишкендиктерин баалоо күтүлгөн натыйжалар менен тыгыз байланышта болуу менен индикаторлорго таянат. Класста баалоо объектилери болуп окуучулардын жекече билим алуудагы жетишкендиктери прогресс болуп саналат.

Окуучулардын иш-аракеттерин баалоо ар бир сабактын аягында ишке ашырылат. Жумуш иштери төмөнкү критерийлер боюнча бааланат:

- сабакта үйрөнгөн ыкмаларды колдонуу менен жасалган иштин сапаты;
- ишти аткарууда өз алдынчалуулук даражасы;
- чыгармачылык ишмердүүлүктүн деңгээли менен натыйжалуу техникалык жана технологиялык чечимдердин жаралышы.

Класста ар бир баланын артыкчылыгына, иш-аракеттерине жараша сапаттуу баалоо жүргүзүлүшү керек: байкоо, ой жүгүртүү жана өз алдынча чыгармачылык менен ишке жүргүзүү процесси.

**Санариптик белгинин мүнөздөмөсү:**

- "5" эгерде окуучу/окуучу ишти толук көлөмдө, зарыл болгон ырааттуулукту сактоо менен аткарса, уюштуруучулук-эмгектик жөндөмүн көрсөтсө (жумуш ордунун иреттүүлүгү, тазалыгы сакталса, материалдарды үнөмдүү сарптаса, иш тыкан болсо) коюлат;
- "4" коюлат, эгерде жумуш так аткарылбаса, өлчөөлөр жетиштүү так эмес, жумуш ордунда тийиштүү тартип жок;
- "3", эгерде жумуш жарымы гана туура аткарылса, окуучу/окуучу иретсиз, материалды үнөмдүү эмес сарптаса, бөлүнгөн убакытка туура келбесе коюлат;

- "2" коюлат, эгерде жумуш 30% га аткарылса, талаптарды олуттуу бузуу менен, көптөгөн коопсуздук эрежелери сакталбаса;
- " 1 " коюлат, эгерде өз алдынча иш алып баруу болбосо, окуучу ишти такыр аткарбаса.

**Технология предметтери боюнча орто мектептин компетенциясы боюнча предметти өздөштүрүү деңгээли:**
- окуучунун алган жөндөмдөрүнүн жана көндүмдөрүнүн негизинде ар кандай темалар боюнча чыгармачылык иштерди жасоо жөндөмдүүлүгү;
- табигый материалдарды жана аларга ылайык шаймандарды пайдалануу;
- элибиздин колдонмо жасалга өнөрү боюнча байыртадан бизге жеткен маалыматтарды, алардын ар кандай түрлөрүнүн өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен композицияны түзүү;
- декоративдик-прикладдык искусство чыгармаларын баалоо;
-ар кандай түрдөгү декоративдик-прикладдык искусство чыгармаларын таанып билүү, аларды талдай билүү, өз анализинин натыйжаларын сүрөттөп жана презентациялап көрсөтө билүүсү.

5-класстын мисалында

*4-таблица*

| Мазмундуу сызык | Индикаторлор | | |
|---|---|---|---|
| | **Биринчи деңгээл** | **Экинчи деңгээл** | **Үчүнчү деңгээл** |
| **1. Эмгек маданиятынын, өзүн өзү тейлөөнүн негиздери** | **1. Берилген практикалык иштерди аткарууда графикалык сабаттуулуктун негиздерин колдонушат** | | |
| | - эмгек маданиятын жана жеке гигиенаны сактоо менен жумуш ордун уюштурат. | - жасала турган буюмдун эскизин чыгармачылык менен иштейт. | - эскиз боюнча буюмдун бөлүктөрүн иштөө үчүн колдо бар материалдарды даярдайт |
| **2. "Техникалык эмгек жана дизайн" (техникалык жана көркөм кол өнөрчүлүк).** | **2.Практикалык иштерди аткарууда технологиялардын негизги багыттарын этаптар менен колдонот** | | |
| | - өз алдынча эскиздин негизинде шаблон жана үлгүлөрдү даярдайт. | - шаблон менен жасала турган буюмдун бөлүктөрүн (деталдарын) бычат. | - көркөм кол өнөрчүлүктүн түрлөрүн колдонуу менен сапаттуу буюмду жасап бүтүрөт. |
| **3.” Айыл чарба эмгеги" (өсүмдүк өстүрүү жана мал чарбачылыгы).** | **3. Алынган теориялык билимдердин негизинде практикада ар кандай технологияларды колдонуу менен аткаруу.** | | |
| | - адамдын жашоосундагы өсүмдүк өстүрүү жана мал чарбасынын ролу жөнүндө түшүнөт. | - өз алдынча айыл чарбасы боюнча маалыматты табат жана түрлөрү боюнча бөлүштүрө алат. | - өз аймагынын айыл чарбасы тууралуу маалымат чогултат жана классташтары менен бөлүшөт. |

# 4-БӨЛҮМ. БИЛИМ БЕРҮҮ ПРОЦЕССИН УЮШТУРУУГА КОЮЛУУЧУ ТАЛАПТАР

## 4.1. Предметти окутуунун методикасына коюлуучу негизги талаптар

Билим берүү процессин жабдууга карата талаптар "Технология" боюнча предметтик стандартты киргизүү шартында билим берүү уюмдарына коюлуучу окуу процессин материалдык-техникалык камсыздоого карата талаптарды билдирет. Ошондой эле, алар предметтик стандарт менен белгиленген окутуунун ар бир баскычында окуучулардын даярдык деңгээлине талаптарды ишке ашыруу үчүн зарыл болгон бирдиктүү предметтик-өнүгүү чөйрөсүн түзүүдө жетекчилик функциясын аткарышат. Алар окутуунун материалдык-техникалык каражаттарын комплекстүү пайдалануу, окуу ишинин репродуктивдүү формаларынан өз алдынча, издөө-изилдөө иштерине өтүү, окуу ишинин аналитикалык компонентине басым жасоо, окуучулардын коммуникативдик маданиятын калыптандыруу жана маалыматтын ар кандай түрлөрү менен иштөө көндүмдөрүн өнүктүрүү маселелерине тиешелүү.

Билим берүү процессинин материалдык-техникалык жабдылышын камсыздоо мүмкүнчүлүгү:

- окуучуларды долбоорлоо жана окуу-изилдөө иштерине киргизүү;

- кол менен иштөөгө арналган шаймандар менен кагаз, кездеме, токуу жана чыгармачылык үчүн жиптер, ийкемдүү материалдар, ар кандай боектор, чопо, жыгач сыяктуу материалдарды колдонуу менен көркөм чыгармачылыкта иш алып баруу.

"Технология" предмети боюнча сабактарда окуучулардын ден соолугун коргоого эң олуттуу көңүл буруу керек. Колдонулган инструменттер жана шаймандар окуучулардын психофизиологиялык өзгөчөлүктөрүн, таанып билүү мүмкүнчүлүктөрүн канааттандырып, технологиялык процесстерди аткарууда эмгектин коопсуздугунун ченемдерин камсыз кылууга тийиш. Окуучулардын санитария жана гигиена эрежелерин сактоосуна олуттуу көңүл буруу керек.

Ошондой эле, окуучуларды эмгек шаймандары менен иштөө ыкмаларын үйрөтүү керек. Алар мезгил-мезгили менен коопсуздук эрежелери боюнча инструкцияланып, кабинеттерде тиешелүү көрсөтмө-нускама материалдары болушу керек.

Ар бир окуу классы "Технология"предметинин окуп жаткан бөлүмдөрү боюнча слайддарды, видеофильмдерди, компакт-дисктерди көрүү мүмкүнчүлүгүн камсыз кылуучу зарыл методикалык жана маалымдама адабияттар, окутуунун техникалык каражаттары менен камсыздалууга тийиш.

Окуучулардын ишинин экологиялык аспектилерине көңүл буруу маанилүү. Өндүрүш калдыктарын азайтууга, аларды утилдештирүүгө же кайра иштетүүгө, электр энергияны, эмгекти үнөмдөөгө басым жасалышы керек. Экологиялык даярдык конкреттүү предметтик иштин негизинде жүргүзүлүшү керек.

## 4.2. Ресурстук камсыздоого коюлуучу минималдуу талаптар

Технология предметин ресурстук камсыздоого карата минималдуу талаптар стандарт менен белгиленген башталгыч мектептин бүтүрүүчүлөрүн даярдоо деңгээлине талаптарды ишке ашыруу үчүн зарыл шарттарды түзүүгө багытталган окуу процессин материалдык-

техникалык камсыздоого карата минималдуу талаптар. Алар китеп басма продукциясынын (китепкана фонду), демонстрациялык басма жана электрондук окуу куралдарынын, маалыматтык-коммуникациялык каражаттардын, окутуунун техникалык каражаттарынын, экрандык-үн окуу куралдарынын, окуу-практикалык жана окуу-лабораториялык жабдуулардын тизмесин камтыйт.

**Ресурстук камсыздоого коюлуучу минималдуу талаптар (предметке ылайыкташтыруу)**

***5-таблица***

| Түрү | Ресурстар |
|---|---|
| 1. ОУК (электрондук жана басма) | БИМ тарабынан бекитилген тизмеге ылайык |
| 2. Кошумча окуу-методикалык ж. б. материалдар | - колдонмолор<br>- башталгыч жана орто класстар үчүн кошумча окуу материалдары, ошондой эле деңгээлдер боюнча классификацияланган материалдар |
| 3. Маалыматтык-коммуникациялык ресурстар | - теле сабактар (предмет боюнча 5-9-класстар)<br>- электрондук окутуу платформалары |
| 4. ИКТ | - компьютер<br>- принтер<br>- экран |
| 5. Жабдуулар жана шаймандар | - программалык материалдарды аткаруу үчүн эмгек ишмердүүлүгүнүн түрлөрү боюнча аспаптар |

### 4.3. Шыктардыруучу жана коопсуз окуу чөйрөсүн түзүү

"Технология" предметин окутуунун негизги формасы окуучулардын окуу-практикалык иш-аракеттери болуп саналат. Көнүгүүлөр, лабораториялык-практикалык, окуу-практикалык иштер, чыгармачылык же долбоордук иштер артыкчылыктуу ыкмалар болуп саналат. Практикалык иш-аракеттердин бардык түрлөрү ар кандай материалдарды иштетүү технологияларын, энергияны, маалыматты, табигый жана социалдык чөйрөнү трансформациялоонун жана пайдалануунун конкреттүү процесстерин өнүктүрүүгө багытталган.

Мугалим, колдо болгон мүмкүнчүлүктөрүнө ылайык окуучулар үчүн теманы тандап алат жана предметтик стандартында сунуш кылынган технологиялык иш-аракеттердин бүтүндөй камтылышын камсыз кылат. Мында ал тийиштүү куррактык өзгөчөлүктөрдү эске алуу менен окуучулар үчүн эмгек объектисинин жарактуулугун, анын коомдук же жеке баалуулугун, "Технология" предметин окутуунун материалдык-техникалык базасында болгон иштерди аткаруу мүмкүнчүлүгүн эске алууга тийиш. "Технология" курсунда окуучулардын чыгармачылык жана долбоордук иштерди аткаруусу каралган. Окуучулардын чыгармачыл же долбоордук иш-аракеттерин уюштурууда алардын көңүлүн чыгармачыл идея катары сунуштаган буюмдун керектөөчүлүк максатына буруу зарыл.

Мотивация, окуу маселелерин чечүү процессинде окуучунун активдүүлүнүн жана өз алдынчалыгын камсыз кылат. Мотивациялоочу окуу чөйрөсүн түзүү үчүн "Технология" предметин изилдөөгө кызыгууну жогорулатууга, окуучулардын таанып билүү жана чыгармачылык жөндөмдүүлүктөрүн өнүктүрүүгө, алган билимдерин иш жүзүндө колдонуу көндүмдөрүн калыптандырууга багытталган тренингдерден тышкары сабактан тышкаркы

сабактарды өткөрүү зарыл. Бул максаттарга жетүү үчүн даяр билимди берүү процесси эмес, дүйнөнү өз алдынча таанып билүү процесси көбүрөөк жардам берет. Ошондуктан окуу сабактарында (же "Технология" предмети боюнча ийримдердин сабактарында), окуучулардын жекече изилдөө же конструктордук-технологиялык долбоорлордун үстүнөн өз алдынча ишин уюштурууда окуучуну көп учурда угуучунун эмес, баяндамачынын, ойлоп табуучунун ж. б. абалына коюу максатка ылайыктуу. Өз алдынча аткарылган долбоор (буюм, продукт) окуучуга чоң ырахат тартуулайт, өз мүмкүнчүлүктөрүн сезет, оң эмоцияларды берет, ошентип кызыкчылык жөн эле предметке эмес, баалуу нерсеге – таанып билүү процессинин өзүнө – таанып билүү кызыкчылыгы, билимге болгон мотивациясы пайда болот.

Орто мектептин билим берүү чөйрөсү физикалык, экологиялык, психологиялык жана маалыматтык коопсуздукту эске алуу менен уюштурулат. Мектептин кабинетиндеги бардык талапка ылайык коопсуздукту сактоо боюнча элементтер, санитардык-эпидемиологиялык эрежелер жана өрт коопсуздугун, электр коопсуздугунун эрежелери, аларды колдонуунун ишенимдүүлүгүн жана коопсуздугун камсыз кылуу талаптарына жооп берет.

Окуучулардын жеке чыгармачылыктарынын өнүгүү проблемаларын чечүү жеке жана жамааттык долбоорлор ыкмасы менен жүзөгө ашырылат, чыгармачыл милдеттерди киргизүү менен камсыз кылынат. Бир катар тапшырмалар окуучуларга эстетикалык тарбия берүү, алардын чыгармачылык жөндөмдүүлүктөрүн өстүрүү менен маселелерин чечүүгө багытталган. Буюмдарды жасоодо технологиялык талаптар менен катар эстетикалык, экологиялык жана эргономикалык талаптарга чоң көңүл бурулат.

**Адабияттар**


1. Абдыбаев К.Ы., Койчуманова Ж.М. Энесай кыргыздарынын маданияты жана көркөм өнөрү. – Бишкек: «Калем» басма үйү, 2022.
2. Акматалиев А. Кыргыздын уз-усталары: Антология. – Бишкек: КЭнин Башкы редакциясы, 1997.
3. Акматов Д.А., Бердибаева С., Маркова Р.А. Көркөм өнөр булагы. – Бишкек: Педагогика, 2002.
4. Кыргыз Республикасында Инклюзивдик билим берүүнү өнүктүрүү концепциясы (1-тиркеме Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2019-жылдын 19-июлундагы №360 токтому).
5. Окуу-методикалык комплекстерге дискриминацияга каршы жана гендердик экспертиза жүргүзүүнүн методологиясы. КР ББИМ 16.09.2019-ж. № 1096/1 буйругу менен бекитилген (3-тиркеме). - Б., 2019.
6. Кыргыз Республикасынын мектептик жалпы билим берүүнүн мамлекеттик билим берүү стандарты (Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 22-июлундагы № 393 токтому);